DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Ырысбекова Б.Д.*

# АДАМ УУРДОО МЕНЕН БАЙЛАНЫШКАН КЫЛМЫШТАРДЫН ЖАСАЛУУСУНУН КРИМИНОЛОГО-КРИМИНАЛИСТИКАЛЫК ФАКТОРЛОРУ

*Ырысбекова Б.Д.*

# КРИМИНОЛОГО-КРИМИНАЛИСТИЧЕСКИЕ ФАКТОРЫ СОВЕРШЕНИЯ ПРЕСТУПЛЕНИЙ СВЯЗАННЫХ С ПОХИЩЕНИЕМ ЛЮДЕЙ

*B.D. Yrysbekova*

# CRIMINAL-CRIMINALISTICS FACTORS OF COMMITTING CRIMES RELATED TO THE ABDUCTION OF PEOPLE

*УДК: 343. 9/018.3.92.988*

*Макала коомдук мамилелердин комплекстик талдоосунун жана анан мындай сыпаттар аркылуу кылмыштуулуктун өз ара байланышынын негизинде адам уурдоо менен байланышкан криминалдык аракеттердин жасалуусунун детерминациялаган факторлору ачыкталган: кол салуунун коомдук кооптуулугу; алардын жайылгандыгы, уурдоочунун өздүнүн мүнөзүнүн өзгөчөлүгү; кылмыштык аракеттердин мотивациялык түзүмү жана криминалдык ниетке жетүүнүн ыкмалары. Макалада социалдык чөйрөнүн түзүмдүү бөлүктөрү чагылдырылып, ал өзгөрүлүп жана бири бирине таасирин тийгизип, адамдын кылмыштык аракеттеринин пайда болуусуна, жана ошондой эле ичинде жалпысынан уюшулган кылмыштуулуктун жайылуусунун масштабына, коомдун жашоосундагы орун алган криминалдык процесстердин өзгөрүүсүнө таасирин тийгизет. Жалпысынан кылмыштуулуктун заманбап тенденциясына жана анын ичинде адам уурдоо чөйрөсүндөгү шарттарга мыйзамчыгаруучулук, саясий, экономикалык жана руханий адептик түзүмдөрдүн таасири көрсөтүлгөн. Адамдын уурдалуусун детерминациялаган факторлорду изилдөөнүн жыйынтыгында көрсөтүлгөн натыйжалар автор тарабынан каралып жаткан көрүнүшкө каршылык көрсөтүүнүн натыйжалуу стратегиясын иштеп чыгууга мүмкүнчүлүк жаратат.*

***Негизги сөздөр:*** *факторлор, себептер, аныктоочу, кылмыштуулук, кылмыштуулук, инсандык, инсандык, адам, уурдоо.*

*Статья посвящена изложению детерминирующих факторов совершения криминальных деяний, связанных с похищением людей на основе комплексного анализа общественных отношений и ее взаимосвязи с преступностью через призму такие ее свойств, как: общественная опасность посягательств; их распространенность; особенностей характеристики личности похитителя; мотивационной составляющей преступного поведения и способов достижения криминального замысла. В статье отражены составные части социальной среды, которая изменяясь и воздействуя друг на друга, порождает целый ряд факторов, влияющих на формирование преступного поведения лица, а также на изменения криминальных процессов, происходящих в жизни общества, включая и масштаб распространенности организованной преступности в целом. Показано влияние законодательной, политической, экономической и духовно-нравственной составляющей на современные тенденции преступности в целом и в сфере похищения людей в частности. Представленные в результате исследования факторы, детерминирующие похищение людей, позволяет выработать более эффективную стратегию противодействия рассмотренному автором социального явления.*

***Ключевые слова:*** *факторы, причины, детерминант, преступность, преступление, личность, человек, похищение.*

*The article is devoted to the presentation of determining factors of committing criminal acts associated with the abduction of people on the basis of a comprehensive analysis of social relations and its relationship with crime through the prism of its properties, as: the public danger of encroachment; their prevalence; features characteristics of the personality of the kidnapper; The motivational component of criminal behavior and how to achieve criminal design. The article reflects the components of the social environment, which varying and affecting each other, generates a number of factors affecting the formation of criminal behavior of a person, as well as on changes in criminal processes occurring in society, including the scale of the prevalence of organized crime as a whole. The impact of the legislative, political, economic and spiritual and moral component on modern crime trends in general and in the sphere of the abduction of people in particular is shown. The factors determined as a result of the study, determining the abduction of people, makes it possible to develop a more effective strategy to counter the considered by the author of the social phenomenon.*

***Key words:*** *factors, reasons, determinants, crime, crime, personality, man, abduction.*

Албетте, «... бүткүл дүйнөдө интеграциялык процесстер адамзатынын коомунун жашоо тиричилигинин көптөгөн чөйрөлөрүндө орун алган процесстер

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



өзүнө позитивдүү гана мүнөздү камтыбастан, ошондой эле бир катар негативдик кесепеттер менен коштолот» [1, 171-б.]. Кылмыштуулук өзүнүн маңызы боюнча бул социалдык көрүнүш, ал анын криминологиялык, жазык укук, жана ошондой эле криминалистикалык мазмунун аныктаган сыпаттардын жана белгилердин системасына ээ. Кылмыштуулук жана анын абалы, албетте коомдук мамилелердин өзгөрүүсү жана жалпысынан коомдун өнүгүүсү менен байланышкан.

Кылмыштуулуктун жана коомдук мамилелердин байланышы, алгач, кылмыштуулуктун кол салуунун коомдук кооптуулугу, алардын жайылгандыгы, кылмышкердин өздүгүнүн мүнөзүнүн өзгөчөлүгү, анын аракеттеринин мотивациялык түзүмү, кылмыштык максатка жетүүнүн ыкмалары жана башка көптөгөн түзүмдөрүндө.

Албетте, адам уурдоо болгон мындай кылмышты жасоонун детерминациялануусуна алып келген мотив, социалдык факторлорду изилдөөдө каралып жаткан аракеттер коомдук мамилелер системсындагы кылмыштуулукту компоненти болгондугуна таянуу зарыл. Ошондуктан, бир жагынан коомдун социалдык динамикасындагы өзүнүн ролу бар жана жазык укуктун ченемдеринин өзү кылмыштык аракеттерди аныктап, өзү социалдык шарттар менен байланышкан социалдык ченемдерди билдирет.

Экинчи жагынан, социалдык жана психологиялык көз караш менен каралып жаткан күнөөлүү адамдардын жазыктык жазалоо аракеттери жазык укугунун ченемдери менен гана чектелбейт. С.Г. Ольхов бул тууралуу мындай дейт: «...алар дайыма коомдук мамилелер менен жана социалдык карама каршылыктар, конфликттер жана башкалар менен байланышкан, ошентип социалык чөйрөгө чыгат, социалдык зыян тийгизет, социалдык негизге ээ. Дал ошол социалдык чөйрөдө «коомдук ооруулар» - социалдык патология пайда болот [2, 299-304-бб.], анын ичинде кылмыштуулук да пайда болот. кылмыштуулук детерминацияланган көрүнүш катары коомдун жашоосунун бир катар шарттарынан көз каранды болгондугун унутпоо керек. Бул шарттар системалык талдоо көз карашы тарабынан изилденүүчү керек, анткени кылмыштуулук бул коомдун компоненти» [3, 220-260-бб.].

Адамды курчаган чөйрө, белгилүү тарыхый мезгилден тартып, коомдук эрежелерден, саясий, экономикалык мамилелерден, салттардын, моралдык баалуулуктардан, жана анда жашаган адамдардан куралат. Социалдык чөйрөнүн жогоруда көрсөтүлгөн жана башка түзүмдүү бөлүктөрү, дайыма өзгөрүү менен бири-бирине таасирин тийгизип, бир катар татаал жана инсандын аракеттеринин кеңири формасын жаратты. Мындай өзгөрүүлөр өзүнүн өнүгүүсүнө жараша адамдардын өзүн өзгөртөт, анткени дал ошол айлана чөйрө алардын жашоо тиричилигин шарттайт. Коом канчалык өнүккөн болсо, адамдын аракеттеринин жөнгө салынуусунда социалдык чөйрө ошончолук маанилүү ролду ойногондугу тууралуу көз караш туура болуп эсептелет [4, 25-35-бб.]. Бул аспектилерди түрдүү илимдер изилдейт: философия, саясат таануу, социология, укук жана криминология жана криминалистика.

Д.А. Корецкийдин пикири боюнча, айтылган кээ бир кылмыштар каалоону таасири астындаг адамдын эрки боюнча жасалат, ал эми чындыгында кылмышкерлердин ниетинин астында коомдук тарыхый себептер жатат жана алар индивидуалдык аракеттердин формасына ээ болуп, алалрдын социалдык реалдуу мазмунун түзөт. Жана ошону менен биргеликте анын тамырын кылмышкер адамдын өзүндө (бирок ал социалдык мазмун менен толтурулган), анын мамилелеринде, анын жашоо тиричилигинде издөө зарыл [5]. Мындай ыкма укук таанууучу окумуштуулар кылмыштуулукту өз алдынча көрүнүш катары чектелбей, андан ары, башка чөйрөлөргө кирбегендигин түшүндүрөт [6]. Ошону менен биргеликте кылмыштуулуктун шартталгандыгын изилденет, кылмыштык аракеттердин пайда болуусуна таасирин тийгизген түрдүү факторлор аныкталат, башка сөздөр менен кылмыштуулук социалдык көрүнүш катары каралат, ал эми кылмышкердин өздүгү – криминологиялык криминалистикалык маанилүү болгон социалдык өз ара байланыштардын системасында каралат. Ушунун баары байкоонун кенири социалдык аянтчасына чыгууга жана адамдын уурдалуусу менен байланышкан криминалдык аракеттер кантип детерминацияланганы, алардын социалдык шарттарынын кандай болгондугу тууралуу суроолорго жооп берүүгө мүмкүнчүлүк жаратат.

А.И. Долгова ошого байланыштуу мындай деп белгилейт: «...татаал экономикалык өлкөдөгү кырдаал социалдык чөйрөдөгү мамилелердин начарлоосуна алып келет. Жашоо тиричиликтин социалдык чөйрөсү тууралуу кеп кылганда жарандык коом деп аталган – белгилүү үй бүлөрүнүн, сословиенин, түрдүү социалдык топтордун уюшулуусун билдирет. Бул жерде кеп коомдун социалдык түзүмү, социалдык мамилелердин системасы, белгилүү кызыкчылыктар жана жарандардын коомдогу абалын чагылдырган алардын андагы ордуна болгон мамилесин билдирген түрдүү социалдык топтордун жана катмарлардын

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



кызыкчылыктары жана максаттары тууралуу болууда» [7, 253-б.].

Кайрадан куруу жана реформа жылдары КМШ өлкөлөрүндө кыска убакыт ичинде комодун кескин социалдык саясий бөлүнүүсү орун алды, улуттук жана диний айырмачылыктар курчуду.

Башка негативдик көрүнүштөр өзүнө жол курууда, тиричилик, эс алуу, эркин убакыт чөйрөсүндөгү мамилелердин начарлоосу орун алууда. Ю.М. Антонян белгилегендейт, кризисти азыркы үй-бүлө да сезүүдө жана бул ажырашуунун санынын өсүүсүнө жана кароосуз балдардын санынын көбөйүүсүнө алып келүүдө. Балдар ата энелери менен аз сүйлөшүүдө, бул болсо өз кезегинде жашы өткөн сайын криминалдык фомраларга ээ болгон бөлүнүүгө, көйгөйлөрдүн өсүүсүнө, коомдогу адаптирленүүсүнүн азаюусуна алып келет [8].

Маңыздуу криминогендик фактор болуп каралып жаткан учурда көзөмөлсүз миграция эсептелет. Мигранттар, мажбур болгон көчмөндөр, качкындар, түрдүү райондорго чогулуп, ресурстук чектөөгө байланыштуу каалоочулардын баарын өзүнө камтый албайт жана алар ал жерде жашаган адамдардын наразычылыгынын булагы болот, кылмыштардын жасалуусуна алып келет. Мигранттар өзүнүн физиологиялык аягынын чегинде болгондугуна байланыштуу кылмышты жасоо жолуна туруута даяр болуусун эске алуу зарыл, анткени алар өзүнүн материалдык ийгиликтүүлүгүн жакшыртууна каалайт жана анын негизинде кылмыштуулук үчүн, анын ичинде уюшулган формасынын, резервине айланат. Мигранттардын арасында аял кишилердин бар болгондугун эсибизден чыгарбаш керек, алар активдүү түрдө проституцияга киришип кетүүсү мүмкүн.

Андан сырткары азыркы этапта маданияттын жана билимдин төмөндөөсү, түрдүү психологиялык патологиялык ооруулар менен ооруган адамдардын саны өсүүдө. Мындан сырткары, жүргүзүлүп жаткан экономикалык реформалар менен байланышкан негативдик ооруулар көп пайда болууда, алардын ичинен буларды белгилеп кетүүгө болот: сел саяктык, тиленүү, проституция, масчылы жана алкоголизм, баңгилик жана акырында кылмыштуулук.

Кылмыштуулуктун өсүүсү менен көрсөтүлгөн белгилер тереңирээк криминалдык катастрофаны чакырган массага кирип кетет [9, 181-194-бб.]. Чоң кишилер гана эмес, ошондой эле балдар баңги заттарын колдонгондугу, мас болуусу, уурулук, каракчылык, тоноо, адам өлтүрүү жана башкалар өнөкөткө айлануусу мүмкүн. Жалпы деңгээлде бул негативдик көрүнүштөргө алып келет, ал эми индивидуалдык деңгээлде – нервдик психикалык кыйынчылыктаргы, фрустрацияга, перспектива жоготуу сезимине, жана анын кесепети катары, агрессивдик аракеттерге алып келет. Инсандар аралык конфликттер ошондой эле түрдүү адамдардын жана топтордн арасындагы конфликттерге алып келет, жана бул жаштар үчүн, анын ичинде жашы жете электер, үчүн мүнөздүү, себеби алар анти коомдук кызыкчылыктар менен өсүп, анын ичинде кылмыштарды жасоого жакын. Дал ошол топтор арасында көп учурда криминалдык «чечүүлөр» мамилелерди тактоо, талашуу, инсанга каршы багытталган кылмыштарды жасоо менен коштолуусу мүмкүн.

Мындай орун алган шарттарда криминалисттердин абалы бекемдейт жана өнүгөт. Жалпысынан саясий мамилелер мамлекеттин экономикалык түзүмү менен тыгыз байланышта болгондугу маанилүү. Коомдун жашоосунун саясий чөйрөсүнүн өзү – бул саясий уюмдар жана мекемелер, саясий мамилелер жана аракеттер. Саясий мамилелер, саясат маңызы боюнча коомдун жашоосун аныктайт, анын системаларынын иштөөсүн белгилейт, мамлекеттин маңызын, анын бардык институттарынын ишмердүүлүгүнүн багытын, идеологиялык концепцияларынын ордун жана ролун бекитет, анткени алар түрдүү партиялардын, топтордун, ассоциациялардын көз караштарын, коомдогу жана мамлекеттеги инсандын абалын, аларга болгон мамилесин, алардын өз ара аракеттешүүсүн же бөлүнүүсүн аныктайт [10, 215-б.].

Саясий мамилеридн жана кылмыштуулуктун ортосундагы өз ара аракеттешүүнүн жана таасирдөөсүнүн көйгөйлөрүн коюу жетиштүү түрдө татаал, жана бүгүнкү күнгө чейин «саясат – кылмыштуулук» суроолоруна тийиштүү көңүл бөлүнбөйт, бирок бул өз алдынча изилдөөнүн суроосу болуп эсептелет.

Криминалдык процесстердин жүргүзүлүп жаткан талдануусу көптөгөн жылдар ичи саясатчылардын криминалдашуусун байкап келген жана байкоодо болгондугун көрсөткөнү бекеринен эмес. Бир катар саясатчылар, рынок экономикасына кирүү менен, «тез жана чоң акчанын артынан» түшүп алган. Бул «процесстер» массалык маалымат каражаттары, калк жана кылмыш дүйнөсү тарабынан байкалбай калган жок. Бул шарттарда кээ бир саясий ишмерлер рынокко өтүү шарттарында пара алуу жана ачык түрдө укукка каршы аракеттерди жасоону камтыган түрдүү жолдорго түшүүнүн мүмкүн экендиги тууралуу ачык айта баштаган. Бул жагдайлар коомдук психологияга терс таасирин тийгизбей койгон жок: кылмышкерлер менен кылмышкер эместердин ортосундагы чек жуулуп кетти. Бир эле учурда башка багыттагы процесстер

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



жүрүп, криминалдык чөйрөнүн лидерлери бийлик түзүмдөрүнө кирип баштады. Алар ачык түрдө массалык маалымат каражаттарында жогорку бийлик органдарына шайланууга же жылууга жетишүүсүн билдиришкен.

Кылмыштуулукка болгон саясий мамилелер тууралуу кеп кылуу менен түрдүү саясий конфликттерге жана кырдаалдарга көңүл бөлбөөгө мүмкүн эмес. Саясий стабилсиздик зомбулук кылмыштардын, инсанга каршы кылшмытардын, менчикке каршы кылмыштардын санынын өсүүсү менен кооптуу. Саясий лидерлер өзүнүн лидердик үчүн болгон ойлонулбаган күрөшүнүн кесепеттери тууралуу ойлонбойт. Ошого байланыштуу кырдаалды иштеп жаткан мыйзам чыгаруучулуктун жакшыртылбагандыгы татаалдантат, анткени «...ошол бойдон укук коргоо органдарынын ишмердүүлүгүүн төмөнкү натыйжалуулугунун жана соттун жазык жоопкерчилигиние жана кылмыштык ишмердүүлүктүн уюштуруучуларынын жазага тартылуусунун төмөндүгүнүн негизги себептеринин бири болуп саналат. Кылмыштык коомчулукту (кылмыштык уюмду) түзүү фактынын өзү же аны жетектөө үчүн жоопкерчиликтик аныктаган атайын ченемдин киргизилүүсүнө карабастан, ал талап кылынбаган бойдон калууда» [11, 119-б.].

Окумуштуулардын мындай пикирине көңүл бурбай коюу мүмкүн эмес: «.... азыр иштеп жаткан Кыргыз Республикасынын мыйзам чыгаруучулугу боюнча мамлекеттик кызматкерлерге, анын ичинде иш боюнча тергөө жүргүзүлүп жаткан прокуратура органдарынын, башка укук коргоо ведомствосунун өкүлдөрү тарабынан публикалык түрдө соттук отурумдан сырткары массалык маалымат каражаттарында тигил же бул адамдын күнөөлүүлүгү тууралуу айтууга тыюу салынбайт. Ошого байланыштуу, биз мыйзам чыгаруучунун мындай көз карашы укук коргоо органдары тарабынан сотко басым жасоо максатында жасалуусу мүмкүн, анын ичинде саясий ишмерлердин катышуусу менен болгон резонанстык иштер боюнча» [12, 660-665-бб.]. Ошондуктан иштеп жаткан мыйзам чыгаруучулуктун жакшыртылбагандыгы кырдаалды татаалдантып, «...ошол бойдон укук коргоо органдарынын ишмердүүлүгүүн төмөнкү натыйжалуулугунун жана соттун жазык жоопкерчилигиние жана кылмыштык ишмердүүлүктүн уюштуруучуларынын жазага тартылуусунун төмөндүгүнүн негизги себептеринин бири болуп саналат. Кылмыштык коомчулукту (кылмыштык уюмду) түзүү фактынын өзү же аны жетектөө үчүн жоопкерчиликтик аныктаган атайын ченемдин киргизилүүсүнө карабастан, ал талап кылынбаган бойдон калууда» [13, 119-б.].

Бул ой пикир кылмыштардын бир катары боюнча туура болуп эсептелет: «...мүнөзүнүн латенттүүлүгү жана бул кылмыштардын бири биринен коомдук коoптуу аракеттеринен, жасалуусунун ойлонулгандыгынан, терең конспирация шарттарында кылдаттык менен даярдалуусу, жана ошондой эле алардын жасалуу механизминин өзгөчөлүгү менен байланышкан татаалдыгы, жетишсиз болгон укук коргоо органдарынын кылмыштардын бул категориясын даярдаган жана жасаган адамдар тууралуу маалымдалгандыгына байланыштуу ачыкталбай бойдон калууда» [3, 89-92-бб.; 12, 121-б.].

Ошентип, кылмыштардын мүнөздөмөсү, анын ичинде адамды уурдоонун, коомдун саясий, экономикалык жана руханий өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн чагылдырат жана алар жогорку коомдук коoптуулукту билдирген негативдик көрүнүштөр менен түшүндүрүлөт. Ошону менен биргеликте ал кылмыштуулукка каршылык көрсөтүүдө, аны менен күрөшүүнүн узак убакыттык программаларын иштеп чыгууда, жана ошондой эле коомдун жана мамлекеттин коопсуздугун камсыз кылган укук коргоо органдарынын ишмердүүлүгүнүн үстүнөн көзөмөлдү күчтөндүрүүдөгү өзгөчөлүктөрдү чагылдырат. Андан сырткары бул мүнөздөмө мүнөздөмөлөрдүн башка түрлөрүн иштеп чыгуу үчүн базаны, негизди, аны ичинде биринчи кезекте жазык укуктук жана криминологиялык криминалистикалык мүнөздү иштеп чыгуу үчүн маанилүү.

**Адабияттар:**


1. Исаева К.А., Абдукаримова Н.Э., Сейлханова С.А. Основные факторы, детерминирующие совершение отдельных видов преступлений организованной преступностью в Кыргызской Республике // Юридические исследования. - 2018. - №1. - С. 61-70. DOI: 10.25136/2409-7136.2018.1.23913 URL: https://nbpublish.com/library_read_article.php?id=23913
2. Ольхов С.Г. Общественные болезни. Тюмень, 1996. - 355 с.
3. Абдукаримова Н.Э. Некоторые вопросы взаимодействия правоохранительных органов стран СНГ в противодействии по наркопреступлениям // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2015. № 8. С. 89-92.
4. Колидзей Э.А. Психология подростков, склонных к девиантному поведению // Юридическая психология. - М.: Юрист, 2008, № 1. - С. 25-32
5. Корецкий Д.А., Землянухина Л.М. Тяжкие вооруженные преступления. - М., 1997. // https://iknigi.net/avtor-danil-koreckiy/101318-lichnost-vooruzhennogo-prestupnika-i-preduprezhdenie-vooruzhennyh-prestupleniy-danil-koreckiy/read/page-1.html
6. Криминология и социальная профилактика / Аванесов Г.А. - М.: Изд-во Акад. МВД СССР, 1980. - 526 с.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557




7. Криминология / Под ред. Долговой А.И. - М: Норма, 2005. - 910 с.
8. Причины преступного поведения / Антонян Ю.М. - М.: Изд-во Акад. МВД РФ, 1992. - 207 с.
9. Генезис преступления. Опыт криминологического моделирования. Учебное пособие / Кудрявцев В.Н. - М.: Инфра-М, Изд. Дом "Форум", 1998. - 216 с.
10. Преступность: иллюзии и реальность / Карпец И.И. - М.: Рос. право, 1992. - 432 с.
11. Исаева К.А., Келдибекова А.Б. К вопросу о правовом регулировании борьбы с организованной преступностью в Кыргызской Республике // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2017. № 10. С. 118-122.
12. Isaeva K.A., Zheenaliyeva A.Z., Balymov E., Smoilov S. Debatable Questions Bound To Reorganization Of Separate Procedural Institutes At The Stage Of Pre-Judicial Production In The Conditions Of Reforming Of The Criminal Procedure Code Of The Kyrgyz Republic // The Social Sciences (Pakistan). 2015. Т. 10. № 5. С. 660-665.
13. Исаева К.А., Салиев А.А. К вопросу об основных факторах, детерминирующих торговлю людьми, с участием организованных преступных групп // Международный журнал экспериментального образования. 2017. № 6. С. 118-121.